# Наристе

6+

*машайакчылардын балдарга арналган журналы*

5
2021

**ИШЕНИМДҮҮ ДОС ЖАМАНДЫКТА ТАШТАП КЕТПЕЙТ**



# ТАМАГАЛАРДАН САЛАТ

**Мээрим менен Азаматка журналдын темасын табууга жардам бер.**




Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ

# ИШЕНИМДҮҮ ДОС

Достук деген Теңиримдин белеги,
Айланада баары таштап кетсе да,
Ишенимдүү досуң сага кол сунуп,
Таштабастан дайым болот жаныңда.

Жакшы күндөр өкүм сүрүп турганда,
Досуң менен андан бетер көңүлдүү.
“Досуң келди!” – деген сөздү укканда,
Кубанасың көтөрүлүп көңүлүң!

Чогулушта отурабыз катарлаш
Чогуу ойноп, ырдап, чуркап жүрөбүз,
Бала чактан чогуу өскөн дос менен
Кыялданып, көп нерсени сүйлөшүп.


Достугубуз узак жылдар сакталсын,
Кыйындыкта жардам колун сунушуп,
Кандай сонун досуң болсо жаныңда
Кайгырганда турган сени сооротуп.

Кээ бирлер бар жүрөгүңдү жаралап,
Өмүр бою кетпей турган так салат.
Сактап жүргөн түркүн жаман жолдордон,
Теңир гана эң мыкты Дос боло алат.

Жер бетинде кайгы, азап өтө көп,
Алыс болгун зыяны көп жандардан.
Ыйса айткан ар бир сөздү аткаргын,
Теңир гана Досуң сенин кол сунган.



*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ жана Татьяна КОСТЕЦКАЯ*



# Чыныгы достук

Адамдар кылмышкерлер үчүн ойлоп тапкан эң оор жаза эмне экенин билесиңби? Өлүм жазасы деп ойлодуң го ээ? Жок! Жалгыз камап коюу. Жапжалгыз калуу адам үчүн эң оор. Кудай муну билет. Ал Өзү бизди башкаларды сүйө турган, башкалар менен мамилелешкидей кылып, сагынгыдай кылып, көңүл бөлүүгө жана достукка муктаж кылып жараткан. Күнөөкөр, алсыз адамдар экенибизди билгендиктен, Кудай бизге Ыйык Жазууда таамай, жөнөкөй жана түшүнүктүү кеңештерди берет. Кудай Сөзүндө андай кеңештер көп.

Бирок бүгүн биз достук жөнүндө сүйлөшөбүз. Кудай Өз Сөзүндө достук тууралуу эмне дегенин билесиңби? Эстедиңби? Эстеген жоксуңбу? Анда, эстетейин. Кудай Сөзүндө: «Дос күткүсү келген адам досторчо мамиле кылышы керек. Бир тууганыңдан да жакын дос болот» (Накыл сөздөр 18:24) деп айтылган. Сулаймандын Накыл сөздөр китебинде Кудайдын адамдын жашоосу жөнүндөгү ойлоруна туура келген сөздөр, макал-лакаптар топтолгонун билет болушуң керек.

Ыйык Жазууда: «Өз досуңду да, атаңдын досун да таштаба...» (Накыл сөздөр 27:10) деп да жазылган. Сүйүү сыяктуу эле достук да ишенимдүүлүгүбүз менен ченелет. Ишенимдүү досуң болгондон артык эмне бар?! Өзүбүздүн досторубузду эле эмес, ата-энебиздин досторун да баалашыбыз керек. Досторуңдун болушу өтө зор байлык, баа жеткис кенч. Кудай Сөзү досторду таштап кетпеш керектигин, ишенимсиз болбош керектигин, алар ооруп калса, жалгыз таштап кетип калбаш керектигин айтат. Үй-бүлөбүзгө да так ошондой мамиле кылышыбыз керек. Ишенимдүү достору бар үй-бүлө баталуу. Андай үй-бүлөдө ата-эне да, балдар да – бактылуу.

Ыйык Жазууда: «Досуна кошомат кылган адам анын бутуна тузак тартат» (Накыл сөздөр 29:5) деген да сөздөр бар. Бул эмнени билдирет? Бул досуң туура эмес сүйлөп, туура эмес иш кылып жатса деле аны жактай бербеш керектигин билдирет. Эгер досуң бир нерсени туура эмес кылса, аны көзү жок жерден, артынан ушактабай, бетине ачык айтуу керек. Эгер досторуң калп айтып, же бир жаман иш кылса, унчукпай кала бербеш керек. Достор жаман иш кылса, ичибизден алар туура эмес кылды деп ойлоп, бирок сыртыбыздан аларды мактап, алар жөнүндө жакшы сөздөрдү айтып кереги жок. Досторубуздун күнөөлүү иштерине катышпашыбыз керек. Андай иштерине катышпай турганыбызды аларга ачык айтышыбыз керек. Туурабы? Эгер унчукпай койсок, достугубуз узакка созулбайт, анткени биз бири-бирибизди сыйлабай калабыз.

*Чыныгы достук – жай өскөн дарак.*

Достук – кымбат баалуу белек. Кудай бизди досторго муктаж кылып жана кимдир бирөөлөргө дос болгудай кылып жараткан. Андыктан, достугубузду баалайлы.

*Султан КАДЫРБЕКОВ*

# МИССИОНЕРЛЕРДИ ТАП


**Элчи Пабылдын ишенимдүү достору көп болгон. Алардын бири Пабыл менен чогуу Сирияга барган Сылас болчу. Дос-миссионерлерди топ элдин арасынан тап.**

**Аларды табууга төмөнкү белгилер жардам берет:**




**Пабыл:**

Колунда түрмөк китеп бар
Чачы жок
Боору ачык чапан
Жүзү олуттуу
Чапанында жамаачы салынган



**Сылас:**

Чачы экиге түз бөлүнгөн
мурутчан
баштыгы бар
сызык-сызыгы бар чапан
бутунда сандал



НАРИСТЕ 5/21

# ПАБЫЛ менен ЛУКА

Султан КАДЫРБЕКОВ

Жаңы Келишимде жалпы 27 китеп бар. Алардын ичинен он төртүн элчи Пабыл жазган. Алар анын жыйындарга жана жеке адамдарга жазган каттары. Бирок Жаңы Келишимде Жакшы Кабарлар да бар, Жаңы Келишимдин аталышы дал ошол Жакшы Кабарлардан улам коюлган, аларды биз көбүнчө Жакшы Кабар (Инжил) деп атайбыз. Алардын бирин Лука аттуу дарыгер жазган. Ал өзүнүн атынан аталган эле Жакшы Кабардын эмес, Элчилердин иштери китебинин да автору.

Бул китепте ал алгачкы жыйындын жашоосу жөнүндө, элчи Петирдин, диакон Филиптин кызматы жөнүндө баяндаган, бирок ал, көбүнесе, элчи Пабыл жөнүндө жазган. Лука аны миссионерлик саякаттары учурунда жанында коштоп жүргөн. Ал Пабылдын коркунучтар жана ар кандай окуялар коштогон жашоосуна күбө болгон. Биз бүгүн тааныша турган окуя Элчилердин иштери китебинин 21-бөлүмүндө жазылган.

Лука Птоломай шаарынын кеме токтоочу жайына келип, кемеден түшүп, бул шаарда бир күн болушканы жөнүндө жазат. Жол жүргөндөн кийин эс алып, ишенгендер менен баарлашкандан кийин, алар Кейсареяга жөнөшкөн. Ал жактан Иерусалим жыйынынын жети кызматчысынын бири Филиптин үйүнө токтошкон. Качандыр бир кезде Филип эфиопиялык бир кишини сууга чөмүлдүргөн. Өзүнүн болсо төрт кызы бар эле. Кыздарынын төртөө тең пайгамбар, башкача айтканда, Теңирден Кудай Сөзүн жарыялоо жөндөмү берилген кыздар эле. Бул меймандос адамдардын үйүндө Пабыл жана аны коштоп жүргөндөр бир топ убакыт болушкан.

Жүйүт жеринен Филипке Агап аттуу пайгамбар меймanга келет. Ал бөлмөгө кирип, Пабылдын четте жаткан курун







алып, кур менен өзүнүн колу-бутун байлап, мындай дейт: «Ыйык Рух мындай дейт: Иерусалимдеги жүйүттөр бул курдун ээсин ушинтип байлап, бутпарастардын колуна салып беришет». Баары анын сөздөрүнөн улам үрөйү учуп, Пабылдан Иерусалимге барбашын, сак болушун суранышат... Андан достору, жергиликтүү ишенгендер жана пайгамбарлар да өтүнүшөт. Бирок Пабыл Иерусалимде Ыйса Машайак үчүн азап тартууга, Кудай талап кылса, Ага өмүрүн да арноого даяр экенин айткан.

Пабылды көндүрө албастыгына баарынын көздөрү жеткенде, Кудайдын эрки ушундай болсо керек деп, тынчтанып калышат. Бир нече күндөн кийин Пабыл Иерусалимге бармакчы болот, буга чейин жанында коштоп жүргөндөр да аны менен чогуу жөнөшөт. Кейсареялык кээ бир ишенгендер да аны менен жолго чыгышат. Иерусалимде аларды Мнасондун үйүндө жакшы кабыл алышат, ал киприлик болчу, ошондой эле аны Кейсареялык ишенгендер сунуш кылышкан. Анын үйү баары баткыдай кенен болчу. Пабыл менен жанындагылар бул жерде көп убакытка боло алышмак.

Эртеси алар Теңир Ыйса Машайактын иниси Жакыпка барышкан, ал жыйын жетекчиси болчу. Элчилер жана Иерусалим жыйынындагы бардык бир туугандар аларды чын жүрөктөн кабыл алышкан. Пабыл өзүнүн бутпарастар арасындагы кызматы аркылуу Теңир эмнелерди ишке ашырганын аларга кенен айтып берген.

Баары Пабылдын айтып бергендерине аябай таасирленишкен. Айрыкча бүт дүйнөгө чачырап кеткен миңдеген эврейлер Пабылдын насааты аркылуу Ыйса Машайакка ишенип калышканын укканда, Жакып абдан сүйүнгөн.

## Кандай деп ойлойсуң?

1. Эмне үчүн элчи Пабыл коркунуч күтүлүп жатканын эскертишкенине карабай, Иерусалимге барган?
2. Эмне үчүн Лука Пабыл менен кеткен?
3. Жакып жана Иерусалимдеги башка ишенгендер эмнеге өзгөчө сүйүнүшкөн?




*Сүрөтүн тарткан – Лариса ГОРОШКО*

# ПАБЫЛ МЕНЕН ЛУКАНЫН САЯКАТЫ




Пабыл менен Луканын миссионер катары басып өткөн жолун кара. Координаттарды колдонуп, элчи досу менен барган шаарлар жайгашкан жерлерди тап. Керектүү шаарды тапкандан кийин, белгиленип коюлган тамганы төмөн жактагы торчого жаз. Бардык тамгаларды кошуп окусаң, достор бири-бирин кандай учурда сүйөрүн билип аласың.

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 |

| | |
|---|---|
| 1.4/Н | 5/С |
| 2.2/З | 9. |
| 3.5/Л | 10.8/С |
| 4.4/Л | 11.5/Р |
| 5.3/Л | 12. |
| 6.4/Н | 13.5/С |
| 7.4/Л | 14. |
| 8. | 15.4/О |




*Сүрөтүн тарткан – Валерия КАЛИЩУК*

# Бөжөк Пим тыйын чычкан Пети

Диана МОЦЬО




***5-бөлүм***

– Апа, мен жаңы досторду таптым! – деп кубанычын билдирди Алина.


– Кимдер экен алар? – деп сурады апасы.

Алина жаңы достору жөнүндө айтып берди, бирок апасы алар тууралуу укканда сүйүнгөн жок. Тескерисинче, кызына алардан алыс болушу керектигин катуу эскертти. Апасы ал балдарды таанычу, ошондуктан алар Алинага жакшы нерсе үйрөтпөй тургандыгын жакшы билет.

Кыз алардын чыныгы достор экенин апасына далилдегенге аракет кылды, алар менен дайыма абдан көңүлдүү экенин айтты, бирок апасы башын чайкап, кызына китепти сунду. Алина китепти ачып, кайрадан алыскы токойго барып калгандай болду.



1. «Апа, Пети экөөбүз токойго барып келелиби?» – деп сурады Пим. «Баргыла, бирок абайлагыла: ал жак коркунучтуу болушу мүмкүн». Бөжөк үйдөн чуркап чыкты да, бала тыйын чычкандыкына жөнөдү. Эшикти Петинин апасы ачты.



2. Көрсө Пети ооруп калыптыр, ошондуктан бүгүн ойногону чыга албайт экен. Көңүлү чөккөн Пим шалбааны аралап басып жүрдү: үйүндө жалгыз отургусу келген жок. Аңгыча кимдир биреөнүн катуу каткырыгын укту.




3. Үн чыккан жакка жакыныраак барып, Пим бачикилер менен бөлтүрүктөрдү көрдү. Алар менен таанышмакчы болду. Жакын барып, алар менен тарткынчыктай учурашты. Тигилер аны өздөрүнө кубана кошуп алышты, анан баары чогуу көңүлдүү ойной башташты.




4. Бөжөк кеч кирип кеткенин байкабай калыптыр. Ал баары менен коштошуп, үйүн көздөй жөнөдү. Жаңы достору жөнүндө апасына айтып берүүгө ашыкты. Пим бүгүнкү көңүлдүү күндү көпкө сүрөттөп берди. Андан соң апасы анын жаңы достору ким экенин сурады.



5. Пим алардын бачикилер менен бөлтүрүктөр экенин айтканда, апасы аябай коркуп кетти. Пимге экинчи алар менен ойнобошу керектигин айтты. Бачикилер менен бөлтүрүктөр чоңойгондо коёндорго кол саларын түшүндүрдү апасы.



6. «Жок, – деп талашты Пим, – андай эмес! Менин досторум жакшы, алар мени эч качан капа кылбайт!» Апасы Пимди кабагын бүркөй карады да, алар менен мамиле түзүүгө тыюу салды. Бөжөк бөлмөсүнө кирип кетти.



7. Эртеси Пим Петинин ахыбалын сураганы барарын айтты. Бирок ал досуна барган жок, жаңы достору күтүп жаткан талаага чуркап кетти. Алар токойдо ойноп, анан мурда аюу жашаган ийинге кирмекчи болушту.



8. Ээн калган ийиндерге киргенге апасы уруксат бербестигин Пим билчү, бирок бул тууралуу досторуна айта алган жок! Кичинекей жаныбарлар токойдун ичине кирип кетишти.




9. Ийиндин жанына жеткенде, достор анын ичине киргенге батынбай, кире бериште көпкө турушту. Ошондо бачикилер Пимге биринчи кирүүнү сунуш кылышты. Ал аябай коркуп жатты, бирок коркок атка конгусу келбей, ийиндин ичине кирип кетти.



10. Ийиндин ичи караңгы болчу. Пим ташты сүзүп алып жыгылып, бутун катуу оорутуп алды. Достору аны олдоксон деп шылдыңдашты да, жалгыз таштап кетип калышты. Пим ийинден эптеп чыгып, үйүнө келди.



11. Апасы Пимден бул эмнеден улам болгон чоң шишик экенин сурады. «Жыгылып кеттим», – деп калп айтып койду Пим. Ушул окуядан кийин Пим жаман жырткычтар менен дос болбойт болуш керек деп ойлойттурбуз. Бирок бул окуя ага сабак болгон жок.



12. Эртеси Пимдикине Пети келди. Ал айыгыптыр, ошондуктан досу менен ойногону келиптир. Бирок Пим эми жаңы достору бар экенин, ошолор менен ойной турганын айтып, Петинин сунушунан баш тартып койду. Пети Пимдин кимдер менен дос болгонун укканда коркуп кетти.



13. Пети жаман бир нерсе болбосо экен деп, кооптонуп калды. Ошондуктан досун аңдымак болду. Пим болсо жаңы достору менен чогуу жапайы мөмөлөрдөн жеп жыргаганы кетти. Бир аз мөмө тергенден кийин, алар бадалдын түбүнө отурушту.



14. Талаанын четинен алма багын көргөн алардын алма үзүп алгысы келди, бирок бутактар бийик болгондуктан, алар алмаларга жете алышкан жок. Ошондо достору Пимге бакка чыгып, алмалардын эң кыпкызылдарынан үзүүнү буйрушту.



15. Бөжөк бактын түбүндө терең чуңкур бар экенин байкап, алгач, бакка чыгуудан баш тартты. Бөлтүрүктөр менен бачикилер нааразы боло үрүп коюшту. Эгер бакка чыкпаса, аны менен дос болушпай турганын айтып, коркутушту.



16. Пим бакка чыкканга аргасыз болду. Ал аябай коркуп, буттары калтырап жатты, бирок ал улам өйдөлөп чыга берди. Бирок бир маалда буту тайып кетип, кармана албай калып, Пим так эле бактын түбүндөгү терең чуңкурга кулады.



17. Достору каткырып, бөжөктү жалгыз калтырып кетип калышты. Пим ыйлап жиберди: анткени денеси катуу ооруп жаткан эле. Аңгыча үстү жактан аркан түшүрүлдү. Жардамга аны кыйынчылыкта таштабаган ишенимдүү досу Пети келиптир!



18. Бөлтүрүктөр менен бачикилерден айырмаланып, ал чыныгы дос экенин көрсөттү. Пим чуңкурдан чыгып, Петини кучактап, кечирим сурап, мындан ары өзүнүн ишенимдүү досун башкаларга эч качан алмаштырбай турганын убада кылды.



– Жок, менин досторум Пимдикиндей эмес, – деп көшөрдү Алина. – Бир жолу мен жыгылып кеткенде, алар мени таштап кетип калышкан эмес, жардам беришкен!

– Сен эч нерсени түшүнбөптүрсүң, Алина, – деп апасы башын капалуу чайкады.

Алина эртең менен эрте бирөө терезесин тыкылдатканда ойгонуп кетти. Сыртты караса, жаңы достору: Калыс, Мирбек, Анара жана Света келишиптир. Достору кызды балык кармаганы барганга чакырышты. Алина апасынан уруксат сурашы керектигин айтты. Бирок достору апаң ойгонгуча эле кайра келип калабыз деп ишендиришти.

Алина макул болуп, жыйнала баштады, анан табышын чыгарбай үйдөн чыгып кетти. Сыртта таң агарып, жарык болуп калыптыр, кыздын маанайы эң сонун эле. Бирок ичинде бир нерсе бир аз тынчсыздандырып жатты, анткени апасынан уруксат сурабай кетип калбадыбы. Кыз бул жөнүндө ойлобогонго аракет кылып, досторунун артынан чуркап жетти.

Кайырмакка илгенге курттарды чогултуп алышып, балдар дарыяга барышты. Алинанын кайырмагы жок болчу, ошондуктан ал башкалардын жанында жөн гана карап отурду. Ага бир-эки жолу кайырмак карматышты, бирок Алина кичинекей балык да кармай алган жок.

Достор тамашалашып, каткырып жатышты, алардын көңүлү куунак эле, бирок Алинага алардын тамашалары жаккан жок. Алар классташ балдарын, алардын ата-энелеринен бери шылдыңдап, бир нерселерди айтып жатышты. Алина да күлкүсү келип жаткандай түр көрсөтүүгө аябай аракет кылды, бирок антүү кыйын болду. Ал Ыйсага ишенгендердин үй-бүлөсүндө чоңойгон кыз, ошондуктан үй-бүлөсүндө эрежелер таптакыр башкача болчу.

Балдар үйүнөн алып келген бутерброддорду жеп, муздак лимонад ичип жатышты. Убакыттын кандай тез өтүп жатканын байкашкан жок. Алина тынчсызданып жатты: апасы эбак ойгонуп, Алинанын үйдө жок экенин көргөндө тынчсызданып жатса керек.

Достору Алинаны дагы бир азга калууга көндүрүштү, анткени баары сууга түшкөнү жатышкан. Алина сууда сүзгөндү жакшы билчү эмес, ошондуктан жээкте гана суу кечип турмакчы болду. Балдар болсо тосмого чейин жарышып сүзүп жатышты. Аңгыча баары бир кыйкырыкты угушту. «Ой, сүзө албай жатам! Бутум тырышып калды! Бул жерде жылан да бар экен!» – деп кыйкырды коркуп кеткен Калыс. Мирбек, Анара, Света үчөө аябай коркуп кетишип, суудан чыга калышты да, туш-тушка качып жөнөштү.

Алина да аябай коркту, бирок бул жолу алардын артынан



*Сүрөтүн тарткан –*
*Юлия ПРАВДОХИНА*



чуркаган жок. Анткени бүгүн алардын артынан келгенине аябай өкүнүп турган. Азыр болсо ал дароо бир нерсе кылышы керек эле, бирок эмне кыларын билбей калды, себеби сууда сүзгөндү жакшы билчү эмес. Ошондуктан кыз сыйына баштады, анткени мындан башка аргасы жок экенин билди. Сыйынгандан кийин Алина Калыс жакты караса, ал тосмого чейин сүзүп жетип, аны эптеп кармап туруптур. Бирок кайра бери сүзүп келе алчудай эмес, анткени аябай шайы кетип, коркуп калган эле. Алина ага аз да болсо дем бериш үчүн жээктен бирдемелерди айтып кыйкырды.

Аңгыча кыз мотордун үнүн укту. Ал жээкке жакындап келе жаткан моторлуу кайык эле. Алина жанталашып колун булгалап, Калыс жакты көрсөтүп кыйкыра берди. Шайы кетип калган баланы кайык менен жээкке алып чыгышты, ошентип ал аман калды.

*Достордү сырткы келбетине карап тандаба: кооз бут кийим көп учурда бутту кысат.*

Алина Калыска чуркап барып, өйдө тургузду, ахыбалын сурап, анан аны үйүнө жеткирди. Андан соң үйүнө, апасына шашылды. Аябай кабатырланып, апасына эмне деп айтыш керектигин көпкө ойлонду. Ал аябай уялып жаткан. Үйүнө жетип, эшикти акырын тыкылдатты. Апасы эшикти дароо ачты. Анын жүзүнөн тынчсызданып, коркуп турганы көрүнүп турду. Алина апасын кучактап, андан кечирим сурап жатты. Апасы, албетте, кызын кечирди, бирок Алина жазаланышы да керек болду: ага кечке чейин эшикке чыгууга тыюу салынды, ошондой эле ушул жумада зоопарк барабыз деген планды токтотууга туура келди.

– Кана, кызым, жаман балдар менен дос болуп алганыңды эми түшүндүңбү? – деп сурады апасы.

– Ооба, апа, түшүндүм. Кыйынчылык учурунда таштап кеткендер эле эмес, жаман иштерге түрткөндөр да жаман дос болот тура.

Кечинде, уктаар алдында, Алина сүйүктүү китебин ачып, бөжөк Пим жөнүндөгү аңгемени окуусун улантты.


*(Уландысы бар)*

**Пайдалуу кеңеш**

***«Кудайга эмне жагарын ажырата билгиле. Караңгылыктын жемишсиз иштерине аралашпагыла» (Эф. 5:10–11).***

# ДОС БОЛУУ

**Библияда достук жөнүндө көп айтылат. Кроссвордду чечмелеп жатып, чынығы достук жөнүндө окуялар менен таанышасың. Өзүң үчүн да туура чечим чыгарганга аракет кыл.**




***Туурасынан:***

1. Библияда Ыйса досунун өлгөнүн угуп, аябай кайгырганы айтылат. Андан соң Ыйса ал адамды тирилткен (Жкн. 11). Анын аты ким болгон?
4. Ыйса Өзүнүн ____ аткаргандарды «Менин досторумсуңар» – деп атаган (Жкн. 15: 14).
7. «__ адам досторду ажыратат» (Накыл 16:28).
8. Библияга ылайык, дос ар дайым эмне кылат? (Накыл 17:17).
11. Элчи Пабылдын камакта жатканда көп келип турган бир досу болгон. Анын аты ким? (2 Тим. 1:16).
12. Кайын энесине ишенимдүү, күйүмдүү курбу болгон аялдын аты ким болгон? (Рут 1:16).
14. Дөөткө: «Тынчтык менен бара бер. “Теңир экөөбүздүн ортобузда болсун, менин тукумум менен сенин тукумуңдун ортосунда болсун”, – деп, Теңирдин ысымы менен берген антыбыз түбөлүккө калсын!» (1 Шем. 20:42) деп айткан досунун аты ким эле?
16. Жубайлар Акила менен ____ элчи Пабыл үчүн өз өмүрүн тобокелге салышкан (Рим. 16:3–4).

***Тигинен:***

2. Достору Аюбдун «... кайгысын бөлүшүш үчүн, аны____________ үчүн чогулушту» (Аюб 2:11).
3. Досун сүйгөндүктөн аны менен кошо өлүүгө даяр болгон Ыйсанын шакирти (Жкн. 11:16).
5. Досуңдан ажырап калбаш үчүн, Библия мындай кеңеш берет: «Жакыныңдын... эч нерсесине __ ________» (Чыг. 20:17).
6. Ыбрайымдын ишеними абдан бекем болгон, ошондуктан ал «____ досу аталды» (Жкп. 2:23).
9. Ыйса бизди кул дебей, __________ деген (Жкн. 15:15).
10. Адам эмне кылыш керектигин билбегенде, досторунан жардам сурайт. «...адамга досунун чын жүрөктөн берген __________ да ошондой жагымдуу» (Накыл 27:9).
13. Сенин дайыма жаныңда болгон бир Досуң бар. Ал: «"Тоолор жылат, дөңсөөлөр солкулдайт, бирок Менин ырайымым сенден четтебейт, Менин тынчтык келишимим бузулбайт", – дейт сага ырайым кылуучу Теңир», – дейт (Ыш. 54:10). Ал ким?
15. Сен досуң менен бетме-бет сүйлөшкөндөй, Кудай менен бетме-бет сүйлөшкөн адамдын аты ким болгон? (Чыг. 33:11).





# ИШЕНИМДҮҮ ДОС ДЕГЕН КИМ? КАНТИП ИШЕНИМДҮҮ ДОС БОЛУУГА БОЛОТ?



Менин оюмча, жакшы дос деген сага дайыма жардам берген, сени көтөрмөлөгөн, оор учурда сени таштап кетпеген, түшүнүктүү адамың деп ойлойм.
Айназик, 12 жаш, Рот-Фронт айылы.

Жакшы дос – атамдын досу Адис атадай болот. Дос деген жакшы адам, ал сени жаман күнөөлөрдөн сактайт, кыйынчылыктарда жардам берет.
Элдар, 7 жаш, Токмок шаары.

Дос деген дайыма жанында жүргөн, кыйынчылыкта колдоо көрсөткөн, сен үчүн Кудайга сыйынган адам.
Элзар, 11 жаш. Токмок шаары.

Жакшы дос урушпайт, мушташпайт, жаман сөздөрдү айтып ат койбойт, башкалар үчүн көзүн жумуп алып сыйынат.
Нурбол, 5 жаш, Каракөл шаары.

Жакшы дос сени сатып кетпейт, ал дайыма жанында болот, кыйынчылыкка туш болсоң, жардамга келет. Сени жалгыз таштабайт, сага пайдалуу кеңештерди берет.
Тынчтык, 8 жаш. Каракөл шаары.

Эгер сен Кудайга бир суроо бере алсаң, Андан эмне жөнүндө сурайт элең? **Бизге бул тууралуу айтып берчи. Жообуңду жана сүрөтүңдү 31-бетте жазылган дарекке жөнөтсөң болот.** Сенин катыңды чыдамсыздык менен күтөбүз!




# ЧЫНЫГЫ ДОС

*Айна НАРЫНБЕКОВА*

Байсал менен Кубат ынак достор. Алар кошуна жашашат, балдар бакчасына да чогуу барышчу, азыр болсо бир класста окушат. Алар 12 жашта. Байсал менен Кубат көп убактысын чогуу өткөрүшөт: бир партада отурушат, сабактан кийин футбол ойношот, кышында хоккей ойношот. Бирок жакында болор-болос талаш бул эки баланы бири-биринен таптакыр бөлүп сала жаздады.





Байсал дүкөндөн келе жатып, гараждардын артынан топ баланы көрдү. Алардын арасында Кубат да бар экен.

– Кубат! – деп Байсал досун чакырды.

Кубат бурулуп, колундагы бир нерсени тезинен четке таштай салып, шашпай басып Байсалдын жанына келди.

– Ал жерде эмне кылып жатасыңар? – деп таң кала сурады Байсал.

– Эч нерсе, – деп көзүн ала кача жооп берди Кубат. – Жөн эле, сүйлөшүп тургбанбыз…

Байсалга досунун мындай жоругу абдан таң калыштуу сезилди.



Ушундан кийин Байсал Кубаттын гараждардын жанында баягы балдар менен жүргөнүн көп көрчү болду. Экөө короодо чогуу ойнобой калышты: Кубат бирде убактым жок дейт, бирде дагы башка себептерди айтат, иши кылып Байсал менен жолукпаштын айласын кылат.

Бир күнү кечинде Байсалдын чоң энеси пирог бышырып, курбусу ооз тийсин үчүн, небересинен берип жиберди. Байсал чоң энесинин тилин алып, кийинип, тышка чыкты. Чоң энесинин курбусуна берчүсүн бергенден кийин, дароо үйүн көздөй жөнөдү, бирок башка жол менен келмекчи болду. Сыртта караңгы кирип калган. Гараж-



дардын тушуна келгенде, балдардын караанын көрдү. Караңгыдай кичинекей кызыл оттор даана көрүнүп жатты. Байсал балдардын тамеки чегип жатышканын оңой эле түшүндү. «Кубат да алар менен чогуу болсо керек!» – деген суук ой анын башына келе калды.

– Кубат! – деп кыйкырды Байсал.

Балдар тымтырс боло калышты. Бир аз унчукпай турушту да, баары чогуу каткырып жиберишти.

– Кубат, сен бул жердесиңби? – деп андан да катуураак кыйкырды Байсал. – Эгер сен бул жерде болсоң, эгер сен дагы деле менин досум болсоң, анда бери кел!

Ошол учурда карарган бир караан башкалардан бөлүнүп, бери басты. Кубат Байсалдын жанына келди. Чөнтөгүн колунан чыгарбай, кыжыры келип турганы даана байкалат.

– Сен эмне, мени аңдып жүрөсүңбү? Мен эмне кааласам, ошону кылам! Мени аңдыганыңды токтот, түшүндүңбү? – деп Кубат ачуулана кыйкырды да, кайра гараждарды көздөй кетти.

Мындай күтүлбөгөн жооптон сенек болгон немедей турган ордунда катып калган Байсал дагы бир мүнөттөй турду. Анан үйүнө келди. Түнү бою оодарылып, укпай албады. Таңга жуук көзү илинип кеткен экен, аңгыча саат шыңгырап калды. Бирок Байсал көзүн ача албай жатты. «Теңир, мага бүгүн жардам бере көр!» – деп оюнда сыйынды ал.

Мектепте баары өз нугу менен өтүп жатты. Акыркы сабак – дене тарбия сабагы. Мугалим мындай деп жарыялады:

– Эки айдан кийин мектепте мелдеш болот. Силердин классыңар мелдеште жакшы жыйынтык көрсөтүшүн каалайм. Ошондуктан жакшылап машыгып, көп чуркашыңар керек.



Машыгуу башталды. Экинчи айлампада Байсал Кубаттын баарынын артында калганын, андан кийин таптакыр эле отуруп калганын байкады.

– Сага эмне болду, Кубат? – деди мугалим. – Сен дайыма жакшы чуркачу эмес белең. Эми эмне болду? Ооруп калган жоксуңбу?

– Жок... Жөн эле... эме… эс алып алайынчы… – деди Кубат оор дем ала.

Ошондон тарта Кубат дене тарбия сабагына катышпай, качып калды. Катышса да жакшы чуркай албай, тез чарчай турган болду.







«Мунун баары тамеки чеккенинин айынан болуп жатат. Чурканганга такыр күчү жок», – деп ойлоду Байсал.

Бир күнү чоң тыныгууда Байсал Кубат менен сүйлөшмөкчү болду. Экөө бир партада чогуу отурбай калышкан, ошондуктан ыңгайлуу учурду табыш керек эле.

– Кубат, сен мени менен дос болгуң келбесе, өзүң бил, бирок мен баары бир сен үчүн тынчсызданып жатам. Тамеки чеккенди ташта. Бул деген аябай зыяндуу да! Ошол себептен сен чуркай албай жатасың. Дайыма чарчаңкы жүрөсүң…

– Барчы нары, – деп Байсалдын сөзүн бөлдү Кубат. – Тамеки чегемби, чекпеймби, аны менен сенин ишиң болбосун!

Ал бурулуп алып класска кирип кетти, артына кылчайып досун карап да койгон жок.

Эки айдан кийин мектепте спартакиада болду. Кубат менен Байсал окуган класс акыркы орунду алып калды: Кубат дайыма артта калып, эң акыркы болуп келип жатты.

– Сен бизди уят кылдың! Баары сенин айыңдан болду! – деп балдар Кубатты туш тараптан айыптап жатышты.

Эмне кыларын билбеген Кубат кийим которунуучу жайда отурду. Эч кимдин аны менен сүйлөшкүсү келген жок. Кекиртегине бир катуу нерсе тыгылгансып, көзүнө улам жаш айланат.

Аңгыча бирөө арттан келип, Кубатты акырын далысына таптады.

– Кабатыр болбо, Кубат, – деген тааныш үндү укту ал.


Жанында Байсал туруптур.

– Биздин бүгүн биринчи орунду албай калганыбыз андай деле коркунучтуу нерсе эмес, – деди Байсал, анан ойлонуп туруп, минтип кошумчалады: – Экөөбүз дос элек, бирок сен менден алыстап кетип калдың, жаман балдарга кошулдуң, тамеки чегип калдың. Мен аябай капа болдум. Бирок мен жалгыз калган жокмун. Менин чыныгы Досум бар, Ал – Ыйса Машайак. Менимче, сенин азыр таптакыр досу жок калганың оор болуп жатса керек.

– Ооба. Мени кечирип койчу, Байсал. Ал балдар... алар мага дос деле эмес. Чыныгы досум сен болгонуңду мен азыр гана түшүндүм. Сен мен үчүн тынчсызданып жүрдүң, баары мени таштап кетишкенде, сен таштаган жоксуң,

*Ким эч кемчиликсиз дос издесе, ал таптакыр досу жок калат.*





жанымда калдың. – Кубат бир азга ойлонуп туруп, анан мындай деп сурады: – А сен айтып жаткан Ыйса деген ким?

Үйгө келе жатканда Байсал досуна Ыйса жөнүндө айтып берди. Кубат өзүнүн туура эмес кылганын түшүндү. Досунан дагы бир жолу кечирим сурады. Эртеси балдар кайрадан бир партага чогуу отуруп калышты. Кубат досу бар болгону жана өзүнүн да оор учурда дайыма колдоо көрсөткөн ишенимдүү дос болушу канчалык маанилүү экенин түшүндү!

*Сүрөтүн тарткан – Елена МИХАЙЛОВА-РОДИНА*



*Петер МАРТИН*

***Элчилердин иштери, 21–28-бөл. (М.т.к. 57–60-ж.)***

# Кейсарeядагы порт

Пабыл Римди көздөй бара жатат. Аны тапчы.



Пабыл менен чогуу кемеге отургузуп жатышкан туткундарды тап.



Пабыл жолго соода кемеси менен чыгышы керек болгон. Эгин салынган каптарды канча киши көтөрүп бара жатат?



Кеме токтоочу жайдагы 2 кранды тап.



Көптөгөн адамдар Пабылдын насааттарын жактырышчу эмес, анткени ал насааттар алардын мурдагы ишенимине коркунуч туудурар эле. Аны айрыкча Иерусалимдеги башкы ыйык кызмат кылуучулар менен мыйзам окутуучулар жек көрүшчү, мурда болсо алар аны колдошо турган. Алар Пабылды сотко алып келишкенде, ал өзүнүн Рим атуулу катары укугун колдонуп, өзүнүн тагдырын император чечишин талап кылган. Ошентип ал суракка алынып жатканына карабастан, Римге барып, ал жактан Ыйсага ишенгендерге жолуккан.




Башкаруучу Фест Пабылдын императорго баруу өтүнүчүн канааттандырган. Пабылдын кеме менен сүзүп бара жатканына ал кай жактан көз салып турат?



Бир нече машайакчы Пабыл менен коштошуп кол булгалап жатышат. Аларды көрүп жатасыңбы?



Кулдар айдап бара жаткан, калак менен башкарылган согуштук кемени тап.



Чоң кумураларды шарап, өсүмдүк майын жана мөмө-жемиштерди ташуу үчүн колдонушкан. Алар жүктөлгөн арабаны тап.



Римдин айнектен жасалган товарлары абдан бааланган. Бөтөлкөлөрдү саман салынган челекке салып таңгактап жаткан кишини тап.



Чардак кимдир бирөөнүн тамагын иле качканы турат. Аны тап.



Жүргүнчүлөр жолго азык-түлүк алып алуулары керек болгон. Тамак-ашын себетке салып жаткан аялды тап.



Эки киши арабадан уурдап алышкан шарабын ичип жатышат. Аларды тапчы.



Кемелерди чоң калактар менен башкарышкан. Калакты орнотуп жаткандарды тап.



Оор кайырмак темирлер кемени бир жерде кармап туруу үчүн кызмат кылат. Кайырмак темирди кармап турган кемечини тап.



Дарбыз алып жаткан балдарды тап.





*Сүрөтүн тарткан – Петер КЕНТ*

Жүктү таңгактарга жана баштыктарга салышкан. Оор жүгүн алып бара жаткан үй-бүлөнү тап.



Оңдоп-түзөө иштери үчүн бетон аралаштырып жаткан жумушчуларды тап.



Айыптоолорун Пабыл четке кагып койгону үчүн кабактары бүркөлгөн башкы ыйык кызмат кылуучуларды тап.





# ЖҮЙҮТТҮН ӨБҮҮСҮ



«Жүйүттүн өбүүсү» деген сөз бар. Ал кайдан пайда болгон жана эмнени билдирет? Кел анда, Библиядан карап көрөлү.

Ыйса Машайактын он эки жакын шакирти (элчиси) болгон. Жүйүт жериндеги башкы ыйык кызмат кылуучулар Ыйсаны өлтүргүлөрү келген, бирок ачык эле өлтүрүп коё алышкан эмес, анткени элден коркушкан. Ошондо элчилердин бири Жүйүт Искариот аларга белгилүү бир өлчөмдөгү акчага Ыйсаны кармап берүүнү сунуш кылган. Башкы ыйык кызмат кылуучулар ага 30 күмүш тыйын беребиз дешкен.

Жүйүт ыңгайлуу учурду байкап туруп, Ыйса башка шакирттери менен отурган Гетсемани деп аталган бак ичине аскерлерди ээрчитип келген. Бул иш түн ичинде болгон. Жүйүт: «Мен кимди өпсөм, ошону кармап кеткиле», – деген эле. Бул шарттуу белги болчу. Ошондон кийин Жүйүт Ыйсанын жанына барып, «Салам, Устат», – деп учураша Аны өбөт. Ошондо Ыйса Машайакты кармап кетишип, көп өтпөй айкаш жыгачка кадашат.

Жүйүт өтө жаман жорукка барды. Ошентип анын өбүүсү чыккынчылыктын символу болуп калды.

***«Жүйүттүн өбүүсү» деген сөз чыккынчылыкты, жасалма мамилени билдирет. Ал эми «Жүйүт» деген ысым «чыккынчы» деген сөз менен эле барабар.***


Бул окуяны сен Инжилден окуп алсаң болот. Ал төрт Жакшы Кабарда тең жазылган: Матайда (26-бөлүм), Маркта (14-бөлүм), Лукада (22-бөлүм) жана Жаканда (18-бөлүм).

*Сүрөтүн тарткан – Катерина ПРАВДОХИНА*

# БАШ КАТЫРМА



**Бош торчолорго жетишпей турган сүрөттөрдү тарт. Бул жерде чагылдырылган предметтер туурасынан кеткен ар бир сапта жана тикесинен кеткен ар бир сапта бирден гана жолу кездешиши керек.**



*Сүрөтүн тарткан – Александр МИКУСЕВИЧ*

## ТҮШҮМ МАЙРАМЫНА

Келди Түшүм майрамы,
Жадыраган, жайнаган.
Аяган жок мол жемишин
Бизди сүйгөн Жараткан.

Түшүм майрам – шаңдуу майрам,
Кудайыбыз макталсын!
Жерди-сууну, жер жемишти
Жараткан Ал даңкталсын!

Түшүм майрам – ыйык майрам,
Жаратуучум керемет!



# КАНА, ТАПЧЫ!

**Бул жерде Библиядагы кайсы окуя чагылдырылган? Сен да аны карандашты кагаздын бетинен албай туруп тартканга аракет кылып көр.**



*Сүрөтүн тарткан – Эмма НИКЕЛЬ*

# ЧАРБАКТАГЫ КЕРЕМЕТ

Күз – эң кооз жыл мезгили! Түшүм майрамында Самат менен Дария ата-энеси менен чогуу барган жыйын укмуштуудай кооз болуп калат. Кооздолуп коюлган түркүн жашылча-жемиштер бардыгынын көңүлүн өзүнө бурат. Ал жерде эмне гана жок! Быйылкы жылдын берекелүү түшүмү үчүн Кудайга ыраазычылык билдирүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн майрамдык чогулуштан кийин, баарын жакындан барып көрүүгө уруксат эле. Жашылча-жемиштерди болсо жыйын балдар үйүнө берет.

– Апа, карасаңыз, көк топ! – деп кыйкырды үч жашар Самат адаттан тыш жашылчаны көрсөтүп.

– Ал топ эмес, ашкабак, – деди эжеси Дария.

– Ал топ дагы, ашкабак дагы эмес, балдар, ал деген баклажан, – деп түшүндүрдү алардын жанында турган аял. – Ал менин огородумда өскөн.

Самат менен Дария таң калып калышты:

– Баклажанга такыр эле окшобойт го! Мындай чоң, адаттан тыш баклажанды кантип өстүрдүңүз, Мадина эже?

– Болгону, баклажандын башкача сортун өстүрүп көрөйүнчү дедим. Аны отургузарда солдорго чиринди төккөм. Андан сырткары, баклажандар жарыкты, нымдуулукту жакшы көрүшөт, топурагы да жеңил болушу керек. Кыязы, баклажандар керектүүнүн баарын алышкан окшойт, ошондуктан ушундай чоң болуп өсүп чыгышты. Өзүм да таң калып калдым. Мунун салмагы эки килограмм чыгат. Өзүнчө эле чарбактагы керемет! – деп жылмайды Мадина эже. – Булардын уругу аз, өзү даамдуу, жыты да буркурайт.

– Чындап эле кереметтүү жашылча экен! – деди Самат менен Дариянын апасы.

**Баклажан – бою 40 сантиметрден 150 сантиметрге чейин жеткен көп жылдык өсүмдүк.**



*Сүрөтүн тарткан – ШАКИРТ*

НАРИСТЕ 5/21

# БАКЛАЖАН



Баклажандын жемиши – малина менен кулпунайга таптакыр окшобосо да, баары ойлогондой жашылча эмес, жемиш. Сүйрү, кебетеси алмурутка окшоп кеткен, же цилиндр формасындагы бул жемиштер ак, жашыл же сыя көк түстө болуп, сырты жалмакай келип, жалтырап турат. Баклажандын узундугу 70 см, ал эми диаметри – 20 см, салмагы 0,4–1 кг жетиши мүмкүн. Тамакка анча быша элек жемиштерин колдонушат. Аны кууруп, кактап бышырып, дымдап, маринаддап, салаттарга, пиццага, бутербродго кошсо болот, андан жашылча икрасын жасаса болот, ал тургай, андан варенье да кайнатышат. Кабыгы кара-көк болгон сүйрү, ичке баклажандар эң пайдалуу, даамдуу жана дарылык касиети бар деп эсептелет.

Балкан аралдарында баклажанды «түрк помидору» деп аташат. Антип аталганы деле түшүнүктүү, себеби баклажан деле картошка да, помидор да, болгар калемпири да кирген паслён түркүмүнө кирет.

## Баклажандын тарыхынан

Баклажан жапайы түрүндө Жакынкы Чыгышта, Түштүк Азияда жана Индияда өскөн, ал жактарда андай баклажан азыр да кездешет. Аларды бул аймактарда 1500 жыл мурдатан эле өстүрүшкөн. Муну байыркы тексттер айгинелеп турат. Арабдар аркылуу баклажан IX кылымда Африкага барган. Европада болсо ал XV кылымдын жарымында белгилүү болгон, бирок бул өсүмдүк XIX кылымда гана тараган.

Дүйнө жүзүндө баклажан жөнүндө билбеген өлкө дээрлик калган жок.

*Элвира КАДЫРБЕКОВА*

## Кызыктуу фактылар

**2006-жылы Палермодо «Баклажан олимпиадасы» өткөн. Ага баклажандан өзгөчө тамактарды жасоо үчүн, Жер Ортолук деңизинин эң мыкты ашпозчулары келишкен. Ошол эле жерден катышуучулар илимий семинарлардан бул өсүмдүктүн тарыхын, ар кандай тамактардын рецептин биле алышкан, ошондой эле баклажан тууралуу кызыктуу аңгемелерди угушкан.**

**Европалык багбандар башында баклажанды дары жана декоративдик өсүмдүк катары өстүрүшкөн.**



**Чыгышта баклажанды дарылык касиеттеринен улам «узак жашоонун жашылчасы» деп аташат.**

**Баклажанда Менделеевдин таблицасындагы кальцийден баштап цинкке чейинки элементтердин бардык пайдалуу бөлүктөрү бар. Аны кабыкчан дарыкана деп атоого болот.**

# ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР!

*Лилия ТИЛЬ*

**Библияны канчалык билериңди текшер. Бүгүн сөз маймылдар, эшектер жана башка жаныбарлар тууралуу болот. Библиядан алар тууралуу эмнелерди таба аларыңды көрөлү!**

## 1. ЖАНЫБАРЛАРДЫ СҮЙҮҮЧҮ

Жаныбарлар дүйнөсү менен абдан жакшы тааныш болгон деп ким жөнүндө айтылат?

*Жардам:*

Ал жаныбарларга сыртынан байкоо жүргүзүп эле койбостон, аларды өзү баккан. Анын 4000 аты, ат арабалары, ошондой эле маймылдары жана тоос куштары болгон. Ал маймылдарды кайдан алган? Анын жекече деңиз флоту болгон. Үч жыл сайын кемелер алыскы өлкөлөргө сүзүп барып келип турушкан, ошол жактардан маймылдарды, тоос куштарды жана пил сөөгүн алып келишкен.

*1 Пад. 10:22; 2 Жылн. 9:25*


**Кудай: «Тоодогу бардык куштарды билем, талаадагы жаныбарлар Менин алдымда» – деп айткан.**
***Заб. 49:11***



## 2. КУУ ТҮЛКҮ

Ким душмандан өч алуу үчүн түлкүлөрдүн куйруктарына күйгүзүлгөн шамана байлап, пелиштиликтердин талааларына коё берген?


*Башк. 15:4–5*



**Дөөт өзүн бүргөгө, чилге салыштырат.**
***1 Шем. 26:17-20***

## 3. «ЖАНЫБАРДЫН» АТЫ

Кайсы аялдын аты «жейрен» дегенди билдирет? *Элч.иш. 9:36*




**Кур бака, чиркей, майда чымын жана чегиртке Мусанын тушунда Мисирге жиберилген он жазанын бир бөлүгү болгон. Бул тууралуу Чыгуу китебинин 8-бөлүмүнөн окууга болот. Бирок Өзүнүн элин Кудай ал апааттардан коргогон.**

***ЧЕНЕМСИЗ БАЙ***
**Сулайман падышанын сарайындагы бардык адамдарды тамак менен камсыз кылуу үчүн, күн сайын 100дөн кой жана 30дан өгүз союлуп турган.**
***1 Пад. 4:22–23***

## 4. АЮУНУН КҮЧҮ

Шимшон абдан күчтүү болгон. Бир жолу ал арстанды улактан бетер жылаңач колу менен эле өлтүрүп койгон. Бир нече күндөн кийин ал өзү өлтүргөн арстандын ичинен эмнени тапкан?

*Башк. 14:5–8*




А. Кумурсканын уюгу.

Б. Бал.

## 5. КУРМАНДЫККА ЧАЛЫНГАН ЖАНДЫК

Жаныбарды эң биринчи ким өлтүргөн? *Башт. 3:21*

А. Эң биринчи жаныбар улуу топон суунун учурунда өлгөн.
Б. Биринчи жаныбарды Кудай Өзү өлтүргөн. Анын терисин Адам ата менен Обо энеге кийим кылып берген.
В. Курмандык үчүн жаныбарды биринчи болуп Абыл өлтүргөн.



## 6. ЖАНЫБАРДЫ ИЗДЕП

Шабул падышачылыкка тандалган кезде, атасынын жоголгон малын издеп жүргөн болчу. Бул жерде кайсы жаныбарлар жөнүндө сөз болуп жатат?
*1 Шем. 9:3*


А. Падышанын мергенчиликке чыкканда минген аттары жөнүндө.
Б. Ургаачы эшектер жөнүндө.




## 7. СҮЙЛӨГӨН ЖАНЫБАРЛАР

Библияда жаныбарларды сүйлөгөнү жөнүндө да айтылат. Төмөнкү сөздөрдү кайсы жаныбарлар кимге айтышкан?

А. Эгер муну жесеңер, өлбөйсүңөр…
Тескерисинче, эмне жакшы, эмне жаман экенин айырмалап билип каласыңар.
Башт. 3:4–5
Б. Мени эмне үчүн сабап жатасың?
*Сан. 22:28*



***«ЖАСАНГАН» ЖАНЫБАРЛАР***
**Мидиандыктар төөлөрдүн мойнуна алтын чынжырларды тагышкан.**
***Башк. 8:26***





*Сүрөтүн тарткан – Инна КОЗИНА*

***ТАҢ КАЛАРЛЫК ЭС ТУТУМ***
**Адам атанын эс тутуму аябай күчтүү болгон: ал жер бетиндеги бардык жаныбарларга ат койгон жана аларды эстеп калган.**
***Башт. 2:20***

Эдиль АБАЗОВ, 8 жаш,
Учкун





МАДИЯР Алиев, 10 жаш,
Учкун



Аделя ЛАЗУНОВА, 11 жаш,
Новопокровка




Фимиям
УЛУГБЕКОВА, 8 жаш,
Кызыл-Аскер



Элхан ЭСЕНБЕКОВ, 11 жаш, Новопокрвока


**22–23-беттин жооптору:**

17. Кейсареядагы порт




Пабыл 1
Башкаруучу Фест 2
Эгин салынган каптарды көтөрүп бараткан кишилер 3, 4, 5
Порттогу крандар 6, 7
Башка туткундар 8
Пабылга кол булгалап жаткан машайакчылар 9
Калак менен башкарылган согуштук кеме 10
Оор жүгү бар үй-бүлө 11
Бетон аралаштырып жаткан жумушчулар 12
Каардана карап турган башкы ыйык кызмат кылуучулар 13
Дарбыз алып жаткан балдар 14
Кайырмак темирди кармап турган кемечи 15
Калакты орнотуп жатышкандар 16
Уурдап алган шарабын ичип жаткан кишилер 17, 18
Тамак-ашты себетке салып жаткан аял 19
Биреөнүн тамагын иле качкысы келип жаткан чардак 20
Бөтөлкөлөрдү саман салынган челекке салып жаткан киши 21
Кумуралар жүктөлгөн араба 22

# Кроссворд



1. Абылды ким өлтүргөн? (Башт. 4:8).
2. Кызын Ыйса тирилткен синагога башчысынын аты ким болгон? (Лк. 8:41–56).
3. Персия падышасы Акашбейроштун эврей аялынын аты ким болгон? (Эст. 2:16–17).
4. Мусанын бир тууганын аты ким болгон? (Чыг. 6:20).
5. Фараондун кызы багып алган баланын аты (Чыг.2:10)
6. Ыйсанын энесинин аты ким? (Мт. 1:18–25).
7. Ким жети жашында падыша болгон? (2 Пад. 11:21).
8. Башкы ыйык кызматчынын аты (Мт.26:3-4)
9. Жакыптын бир тууганынын аты ким болгон? (Башт. 25:24–26).
10. Мариямдын Ыйса тирилткен бир тууганы (Жкн.11:2)
11. Кудай жиберген бир адамдын ысымы ким? (Жкн.1:6-8)


ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ

**Наристе**

5/2021

Машайакчылардын балдарга арналган журналы
2008-жылы чыгарыла баштады
Нускасы: 2 000 даана

Журналды басып чыгарууга чын көңүлдөн берилген акча каражаттары жумшалат

Редактор: Асел Кайыпова

Редакциянын дареги:

720000 Бишкек шаары, Башкы почтамт, а/к 2008к



© «ЧЫГЫШ ЖАРЫГЫ», 2021-ж.



720040, Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 199-46
«ST.art LTD» басмаканасы

Кенже жана тестиер курактагы балдар үчүн
Мукабанын биринчи бетиндеги сүрөттү ШАКИРТ тарткан.

Инжилчи Машайакчы Баптист Жыйындары Союзунун басылмасы


## Жооптор

**2-бет:** Ишенимдүү дос.

**5-бет:** →



**8-бет:** Дос ар дайым сүйөт (Накыл 17:17).

**16-бет:** КРОССВОРД. *«ДОС БОЛУУ»*

***Туурасынан:*** *1.Лазар. 4.Сөздөрүн. 7.Ушакчы. 8.Сүйөт. 11.Онесепор. 12.Рут. 14.Жонатан. 16.Прискила.* ***Тигинен:*** *2.Сооротуш. 3.Томас. 5.Көз артпа. 6.Кудайдын. 9.Достор. 10.Кеңеши. 13.Теңир. 15.Муса.*

**25-бет:** Баш катырма:

1 ряд: ашкабак; алма; буудайдын башы, күзгү жалбырак
2 ряд: күзгү жалбырак, буудайдын башы, ашкабак, алма
3-ряд: алма, ашкабак, күзгү жалбырак, буудайдын башы
4-ряд: буудайдын башы, күзгү жалбырак, алма, ашкабак

Кана тапчы: Жоголгон кой жөнүндө үлгү-насаат аңгеме.

**19-бет:** 1. Падыша Сулайман. 2. Шимшон. 3. Табита. 4/Б. 5/Б. 6/Б. 7. А – жылан Адам ата менен Обо энеге; Б – эшеги Биламга.

**31-бет:** ***Туурасынан:*** 1.Кабыл. 2.Жайыр. 3.Эстер. 4.Арун. 5.Муса. 6.Мариям. 7.Жааш. 8.Кайапа. 9.Эйсап. 10.Лазар. 11.Жакан. ***Тигинен:*** **Ыйса Машайак**

# Ким баарын жараткан




2. Жашооңо дем берип, жолуңда Ким сактайт?
   Өлүмдөн куткарып, бошоткон Ким?
   Күн нурларын чачып, жамгырын жаадырып,
   Кайгыдан Ким коргойт тынчтандырып?

3. Кубаныч тартуулап, сыйынууңду уккан,
   Көз жашыңды аарчып сооротон Ким?
   Мөңгүлүү зоолорду Ким чебер жараткан,
   Кам көрүп биз үчүн ак кар берген?





*Сүрөтүн тарткан – Юлия ПРАВДОХИНА*

НАРИСТЕ 5/21